**ОДК 801.8.**

***Аламанова А.Т.***
*БГУнун аспиранты*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ РУХАНИЙ ЧӨЙРӨ ЖАНА ТАБИЯТТАН ЖОГОРУ ТУРГАН КҮЧТӨРГӨ ИШЕНҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯЛЫК МААНИСИ

*Бул макалада автор «Манас» эпосуна философиялык социалдык талдоо жүргүзөт.*

*В данной статье автор предлагает философский социальный анализ эпоса «Манас».*

*Негизги сөздөр: социалдык философия, гумандуулук, экзотерика, руханий дүйнө, объективдүү идеализм.*

*At this article the author offers the philosophical social analysis of the epic "Manas".*

Дүйнөгө көз караштын, коомдук аң-сезимдин өзгөчө формасы философия илими болуп саналат. Ал дүйнө түзүлүштөрүнүн жалпы принциптерин, адамдын дүйнөгө, коомго болгон мамилесин окуп үйрөтөт. Дүйнө менен адамдын ортосундагы алака-катыштарынын көп түрдүү проблемаларын, реалдуу чындыктын кубулуштарына болгон мамилесин, табият менен коомдун болумуштарынын байланыштыктарын камтыйт.

Белгилүү философиялык проблемаларга – «дүйнө – адам», «адам – жаратылыш», «коом – табият», «коом – инсан» ж. б. у. с. ар түрдүү коомдук доорлордо, ар башкача социомаданий абалга байланыштуу, конкреттүү түрдө чечилиштерге ээ болуп келген. «Манас» эпосунун башкы социалдык-философиялык идеясы бул улут аралык биримдикти чыңдоо, «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган» мамлекет түзүү жана анын ички ынтымагын бекемдөө, өлкө башкарган жетекчи менен инсандар акылмандуулук, гумандуулук, айкөлдүк менен элге жол көрсөтүүсү жана адам менен жаратылыштын ортосундагы руханий байланыштыктын үзбөстүгүн сактоо.

Эпостун мындай баалуу идеялары кайталангыс көркөмдүк кубаты менен нечен кылымдардын кайгылуу оор окуяларын өзүнө сиңирип, ыймандык, философиялык мазмунду жыйнактап – элдин тагдырын, тарыхын ар тараптан көрсөтөт б. а. жашоо-тиричилигин, жоокерчилик заманын, үй-бүлө шарттарын, ар түрдүү салт-сана, ырым-жырымдарын, социалдык-коомдук турмуш тарабын кеңири жана толук камтып баяндайт. Мындай баамдоолорду философиялык илимге жалгаштырып, андан бүгүнкү күндүн жаш-муундарына тиешелүү болгон тарбия-таалимдик сабактарын б. а. «келечек» идеяларына токтолобуз.

Манаста «Эр эшиги сом темир, Эритүүгө эр керек…» - демекчи, философиялык ой жүгүртүүнү талап кылган, нукура кыргыз накылы менен ширетилген, руханий көөнөрбөс «Манас» эпосунда, ар бир инсан өзүнчө дүйнө, сыр, табышмак, кайталангыс кубулуш болуп берилген. Жогорудагы эпостун эки сабы ар бир адамдын жан дүйнөсүндө ачылбаган эшик тураарын, аны ачыш үчүн адам менен сүйлөшө билип, өздүн да өзгөнүн да мүдөөсүн тебелебеген, ак пейил, калыс эр-азамат болуу керектигин философиялык маанисинде чечмелесе. Демек 500553 - сап ырдан турган «Манас» эпосунун өзү гана ченем жеткис кеңдиги менен байыркы доордун дүйнө жана адам, болумуш жана аң-сезим, дүйнөтааным жана дүйнө туюм, философиялык материализм жана идеализм өңдүү түшүнүктөрдү өзүнө камтып келген.

Кыргыз байыркы элдердин бири экендигин «Манас» өңдүү масштабдуу, эпикалык формаларына бай оозеки чыгармачылыктын ар түрдүү жанрлары тастыктайт. Манастын эбегейсиз маданий-тарыхый мааниси, жазма иштери жана маданиятты сактоонун материалдык каражаттары жок учурда да эч кыйшаюусуз бүгүнкү күнгө сакталып келгендиги. Кыргыздардын ошол учурдагы коомдук-социалдык жашоо-тиричилигин, баалуулуктарын, аң-сезимин, түшүнүктөрүн, дүйнөгө болгон көз караштарын жана руханий маданияттарын кенен чагылдырып бүгүнкү күндө маалымат алууга мүмкүндүк берет.

«Манас» эпосундагы социалдык-философиялык руханий чөйрө жана табияттан жогору турган күчтөргө ишенүүдөгү объективдүү идеализмдик көз карашка токтолоордон мурда социалдык-философия илими деген эмне? Аны окуп үйрөнүүдөгү багыты кандай? деген өңдүү суроо туулат. Социалдык-философия бул адамдын, анын болумушунун негизги кыйынчылыктарын ойлоп түшүнүүгө, адамдын, адамдардын маданиятынын табияты, коомдук эвалюция иштеп чыккан жашоо каражаттарынын ар кыл түрлөрү менен өзүн аракетке келтирүүсүнүн мүнкүнчүлүктөрүн жана чектерин аныктоого багытталган ишмердүүлүгүнүн формасы б. а. коом менен адамзаттын тарыхын жана адамзат жалпылыгын тигил же бул жагынан көрсөткөн илим.

Көрсөтүлгөн илимдин негизинде «Манас» эпосунда адам турмушунун, индивид менен адам жалпылыктарынын маселелеринин руханий чөйрөсү жана табияттан жогору турган күчтөргө ишенүүнүн социалдык-философиялык маанисин, учурга болгон таасирин, идеясын ачууга жана ой жүгүртүүгө мүмкүндүк алабыз.

Эпостогу экзотерикалуулук, адамдардын кеңири чөйрөсүнө багытталып андан улам чагылдырылган руханий дүйнө жана нормалар кыйла даражада жалпыга төп келгендиги, ошондой эле анын эзотерикалык көмүскө түшүнгөн адамдарга гана арналган мааниси бар. Мындан сырткары адам баласынын баардык басып өткөн тарыхый этаптарында жаратылышка, туруктуу нукура табигий

чөйрөгө болгон көз карандылыгы б. а. табигый болумуш менен руханий дүйнөнүн байланыштыгын туюнтуп келет.

Байыркы заманга мүнөздүү келген ата-бабалардын рухуна, теңирге, көккө, күнгө, айга, жерге, сууга сыйынуу салты күчүндө туруп илимий философиялык тил менен алганда «идеалистик» ишеним «Манас» доорунда да бекем орноп келген. Мындай көрүнүшкө эпостун алгачкы саптары күбө боло алат.

«Бир кудайга зар айтып,
Пил баштаган нар айтып.
Мойнуна куржун салынып,
Мазарды көрсө Жакып бай.
Бакырып ыйлап жалынып…

Берсе теңир чарам жок…» - деп Жакып байдын кудайга зарын айтып, мазарга жалынып, теңирге сыйынып, керек болсо төөгө чейин малдарын курмандыкка чалууга даяр экендигин билдирип, бала сурагандыгын чагылдырат. Мындай иш аракет генетикалык жактан адамдын руханий жашоосу башка бир чөйрөдөгү жашоо менен болгон байланыштыгын айгинелейт.

Мындан сырткары ата-бабанын арбагына сыйынуу чоң мааниге ээ болуп, адам жашоосунда жамандык же жакшылык кылган пендеге карай айтылган өкүм сөздөрдүн келип чыгышы да ушуга барып такалат. Мисалы эл-жерин сатып, кандайдыр бир чыккынчылык кылган адамга «ата-бабанын арбагы урсун» - деген өңдүү каар өкүм сөз эң башкы жаза катары туюнтулуп айтылган. Ал эми ушул эле сөзгө уйкаш келген, бирок маанисине карай карама-каршы турган «ата-бабабыздын арбагы колдосун» - деген ак бата бар экендиги да бизге малым. Мындай айтымдардын келип чыгыш мааниси адам өлгөндөн кийин анын жаны өз алдынчалуулука ээ болорун билгизген. Руханий чөйрөдөгү ишенимдин бул түрү антикалык доордун чыгаан ойчулу философ Платондун дене менен жандын дуализимдик филолсофиялык окуусуна дал келээри байкалат.

Жогоруда келтирилген мисал сөздөр сыяктуу диний руханий, тарыхый эс тутумдуулук - байыркылыгы болгондугу менен бүгүнкү күндө да калк арасында дүйнөдөн өтүп кеткен ата-бабалардын рухун сыйлап (куран окутуу ж. б.), көзү өтүп кетсе да анын инсандык сапатын урматтоо өсүп келе жаткан жаштардын акыл-эсине туура тарбия-таалим (улууларды урматтоо ж. б.) болуп элдин бүгүнкүсү да жана эртеңкиси да бар экендигин туюндурат. Бул болсо байыркы көчмөн калктып ай-ааламдык чабытындагы глобалдык мүнөзү: пассионардуулугу жана руханий күч менен жеңилбестигинин бирден бир себеби да ушунда.

Эпосто адам баласынын кайсыл гана улуту болбосун бирөөнүн байлыгына көз артуу, ичи тарлык, көралбастык кылуусу ачык сүрөттөлөт. Адамдын мындай акыбалы убакыттын өтүшү менен аны кандайдыр бир жолдорго түртүп, жок кылуу же тартып алуу максатын көздөтөт. Өз эркине ээ боло албаган адамдын иш аракети фаталдык жыйынтыкка алып келээрин да көркөм чагылдырган. Жакып байдын жайытта жайылган түмөн жылкысын көргөн он калмак ага сугун артып, жылкыларга тийип, колдон келсе күч менен тартып алууну көздөп келет. Манас

менен Жакыпка кол салып, ортодо кармаш башталат «оюндан от чыгат» - демекчи коргонуу аракетин жасаган бала Манас капысынан душман башчысын өлтүрүп алат, калганы качып кутулат.

Эпостогу бул көрүнүш Манастын «эл» намысын коргоого мезгил жеткендиктин биринчи белгиси эле жана калдайган калың журттун киндик кан тамган мекенине, Ала- Тоого кайта тургандыгына болгон алгачкы түрткү (толчок) болчу. Окуядан улам бала Манаска иш чындыгы ачылат атасы Жакып ата тегин, ким экенин, кайдан келип, кандай күн кечиргенин төкпөй чачпай баяндап берет. Мындай кокустукту күтпөгөн Жакып кайгыга батып, өзүнүн жана элинин алсыздыгына ичи өрттөнүп баласына кайрылган жери:

«Алды – артыңды карагын,
Кызырлуу Кыргыз элиң жок.
Азыр кыйындык кылаар эбиң жок.
Түмөн Кыргыз элиң жок,
Тентектик кылаар эбиң жок…
Каңгайдан калың кол келет,
Карып калган чагымда,
Кара жанга зор келет…
Калмактарды көрөлү,
Каалаcа кунун берели…» - деп ат тизгинин буруп бастырып келет. Манас балалыгына, жаштыгына шылтабастан болгон кокустук окуяда өзүнүн күнөөсүн сезип, алакандай бөлүнгөн элинин астында туура эмес иш кылганын, касташкан касы келип кун алуу максатында элине алда-кандай күн салаарын туйган бала атасына жооп айталбай, бел-белди карап элендеп, баягы ойноо кезинде көрүнүп жүргөн «бөрү» болуп кубулган кырк кишини издеп, Ал «көрүнчү» бекеринен эместигин ойлоп, кырдаалга жараша кайра бир көрүүнү эңсеп, эки жагын каранат. Ошол учурда:

«Кызыл байрак көтөргөн,
Кырк киши чыга калганы…
Кайберен кырк чилтен,
Балага айтып туруптур.
Бала көзүн жумуптур,
Алды артын караса.
Көз жеткен жердин баарында,
Көп – көк темир кийинген.
Көп аскер курчап туруптур,
Алтындуу таажы башында.
Агала сакал бирөө тур,
Аскеринин кашында…» деген үзүндүдөн Манастын – табияттан жогору турган күчтөрдү реалдуу түрдө көрүүсү анын руханий чөйрөсү кабыл алуунун өзгөчө бир ыгына ээ экендигин белгилейт. Мындай экзотеризмдик көрүнүш

учурда коом арасында жашап, кээ бир адамдардын иш жүзүндө колдонуп (магия, алхимия, суфизм, теософия, йога ж. б. у. с.) келгендигин байкайбыз.

«Манастын көзүн ачыптыр
Кайып болду кырк чилтен.
Караса как талаада…
Кайгырып бала ыйлады.
Кызыл байрак кырк адам,
Кылчайбай кайып болду…»

Ал эми эпосто, адам келбетин сүрөттөө ыкмасында да өзгөчө бир философиялык ойлорду камтыган. Манас ааламын изилдөөдө философия илиминин доктору проф. Ш.Акмолдоеванын китебинде «эскертип айтууга арзыган, урпактардын эсинде сакталып калаарлык нерселерди гана көркөм сөз менен сүрөттөөгө, түбөлүк калтырууга мүмкүн» болгондуктан Манаста кудайлардын жана адамдардын, кол башчылардын жана жоокерлердин, кара тамандардын жана ак сөөктөрдүн, темир усталардын жана чебер уздардын көп жерлерде сүрөттөлүп көрсөтүлүшү да бизге көөнө заман жөнүндө кыйла маалымат берет.

Бул жөн гана маалымат эмес, байыркы адамдардын руханий дүйнөсүнө баш багуу. Анткени бул сүрөттөөлөрдүн көбү тигил же бул даражада «идеалдуу адамды» чагылдырып, эталондун өрнөк болуучу үлгүлөрдүн ролун аткарат» - деген. Буга мисал катары Ала-Тоого көчөөр астындагы Манастын келбетин сүрөттөө саптарында:

«Алтын менен күмүштүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айын менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай – күндүн,

Жаркынынан бүткөндөй…» деп Манаска берилген мындай сыпаат учтан туруп түпкө көз чаптырууга мүмкүндүк берет «үстүндө көк тенири, астында кара жер жаралганда, эки арада адам уулу жаралган». Сүйлөмдө көрүнүп тургандай көк (асман), теңир (кудай), жер, суу жана алардын арасында жалгап, тирөөчтөй бойлоп адам баласы тураары, социалдык-философиялык жактан объективдүү идеализмди камтып адам болумушун «дүйнөнүн» алгачкы негиздөөчүсү

сапатында кабыл алынат. Мындан сырткары Манас өзүн коом алдында «инсан», «индивид» катары тааныткан.

«Манас» эпосундагы кыргыз элинин байыркы маданиятына токтолуп жана ошол доордо жашап өткөн инсандардын «руханий дүйнөсүнө» кыскача кайрылып өттүк. «Манас» - өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча, нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, ыймандык, социалдык-философиялык мазмунду кенири камтышы, дүйнөдөгү эң сейрек кездешүүчү мурас үлгүлөрү.

**Адабияттар:**


1. Акмолдоева Б.Ш. «Манас ааламы» Б: «Илим» 2003
2. Исаков Б.; Омурбеков Т. «Манас» наама Б: 2005
3. Исмаилов А.И. «Кыргыз элинин тарыхынын философиясы» Б: 2004.
4. Крапивенский С.Э. «Социальная философия» В: 1995.